***Дуйшеналиев Ж.***
***Кыргызская Академия Образования***

# МУЗЫКА САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН МУЗЫКАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН АКТИВДЕШТИРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

*(М.А.Бегалиевдин «Кожо жаш» симфониялык сюитасынын мисалында)*

# ВОПРОСЫ АКТИВИЗАЦИИ МУЗЫКАЛЬНОГО МЫШЛЕНИЯ УЧАЩИХСЯ НА УРОКАХ МУЗЫКИ

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *музыкалык ишмердүүлүк, интонациялык-образдык, ойлом ишмердүүлүгү, «бегалиевдик» стиль, таанып билүүчүлүк ишмердүүлүк, проблемалык окутуунун методдору, симфониялык сюита, музыканын добуштун мүнөзү, музыканын темптик-ыргактык уюштуруусу, артикуляциясы, тембр, музыкадагы обондун «орнаменти» ж.б.*

***Ключевые слова****: музыкальная деятельность, интонационно-образный, мыслительная деятельность, «бегалиевский» стиль, познавательная деятельность, проблемное обучение, методы. Симфоническая сюита. Звуковой характер музыки, ритмическая организация музыки. Артикуляция, тембр, орнамент мелодии в музыке.*

Музыка предметинин окуу процессин жакшыртуу, музыканы окутуунун жаңы формаларын, методдорун изилдөө жана аны иш жүзүнө ашыруу, окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн стимулдаштыруу - азыркы заманбап музыкалык билим берүү системасында бирден-бир актуалдуу маселелерден. Бул жерде, жалпы билим берүү мекемелериндей эле, баланын руханий маданиятынын ажыратылгыс бир бөлүгү катары, окуучулардын музыкалык маданиятын калыптандыруу максатта окуучуларга жалпы музыкалык билим берүү сакталып келе жатат.

Жалпы билим берүүнүн стандартында, музыкалык билим жана тарбия берүү үчүн негиз болуучу бирден-бир көрсмөтмө, музыкалык искусствонун интонациялык-образдык табиятын ачып берүү болуп эсептелет. Анын коомдогу, адам турмушундагы орду жана маанилүүлүгү эмнеде? Алар:

- баланын музыкалык ишмердүүлүгүндө чыгармачылык менен өзүн-өзү ачып берүүсү;
- улуттук жана жалпы адамзаттык музыкалык-маданий баалуулуктарды билүүсү;
- азыркы заманда окуучунун инсан катары социалдашуусу жана орношу.

Азыркы заманбап музыкалык билим берүүнүн мазмунунда атуулдук-патриоттук тарбия берүүнүн ролу күчөтүлгөн десек болот. Мисалы: салттуу кыргыз музыкалык искусствосунун баалуу булактарына багыт алган, элдик музыкалык искусствонун жаралуу булактары, тарыхы, түрлөрү менен таанышуу. Ошол эле убакта, окуучулардын башка өлкөлөрдүн музыкалык маданиятын таанууга, позитивдүү, кызыгуу мамилесин калыптандырууга басым жасалат. Аларды өздөштүрүүдөгү окуучунун чыгармачылык процесси окууга болгон мотивациясын жогорулатат. Баланын музыкалык-чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрү менен муктаждыктарын иш жүзүнө ашырат.

Музыкалык ишмердүүлүктүн ар түрдүү багытындагы мектеп окуучусунун жетишкендиктери, баланын жаш өзгөчөлүктөрүнө мүнөздүү болгон кризиси (баладагы түнттүүлүк, баланын жалпы физиологиялык жактан жана үндөрүнүн өзгөрүүсү) жумшарат, жеңилдейт жана жакшынакай кооздук сезими калыптанат.

Окутуунун заманбап методикасы музыкалык чыгармачылыктын өнүктүрүүчүлүк мүнөзүн алып жүрөт. Мындайда, жетектөөчү ролду искусство өзү аткарат десек болот. Ал эми мугалим, ар бир адамдын турмушунда, жалпы коомдо музыканын жашоосунун маңызын ачып берүү үчүн биргелешкен стандарттуу эмес изденүүлөрдү стимулдаштырат.

Проблемалык окутунун жаңы методдору жана формаларынын жардамы менен, билим берүү системасындагы окутуу менен тарбиялоо процессинде, окуучуларда *ойлом ишмердүүлүгүнүн теориялык түрүн* калыптандыруу өз мезгилинде, жөндүү багыт болот деп ойлойбуз.

Белгилүү окумуштуу академик М.И. Махмутов өзүнүн эмгегинде проблемалык окутуунун башкы идеясын белгилүү бир, так формага келтирүүнү сунуштаган. Ал мындай: «…Билим, өзүнүн бир канча бөлүгүндө окуучуларга даяр түрүндө берилбейт, … проблемалык ситуация шартында, окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүк процессинде өдөштүрүлөт» [1]. «…Мектеп окуучусунун жалпы акылынын өнүгүүсүнө өтө так, жогорку көңүлдү буруу учурунда гана, окуучунун теориялык даярдыгын күчөтүү жолу менен гана, окутуу процессине илимдин принциптерин жана методдорун киргизүү жолу менен гана… проблемалык окутуу, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун каражаттары боло алат» - деп, академик М.И. Махмутов [2] баса белгилеген.

Өткөн кылымдын аягында, калыптанып калган салттуу окутуунун негизи, ойлом ишмердүү-

лүгүнүн эмпирикалык түрүн өстүрүүгө гана башкы басымды жасаган. Албетте, бизге белгилүү болгондой, окуучулардын акыл жагынан чыгармачылык менен өнүгүүсү, окуучулардын өздөштүрүшкөн билиминин көлөмү же сапаты менен гана мүнөздөлбөйт. Негизинен ойлом ишмердүүлүгүнүн процессинин түзүмүнө да көз каранды болот.

Азыркы учурда заманбап музыкалык билим берүү системасында, салттуу окутуунун аракети чектелүү болуп баратканы белгилүү. Себеби, окуучунун өз алдынча таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрүнө үйрөнүп калуусу, мзыкалык чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсү, музыкалык проблемалардын практикалык чечилүүсү үчүн акыл ишмердүүлүгү, жаңы музыкалык окуу материалдарын өздөштүрүү үчүн, окуучу билген билимдерин колдонуусу, ойлом ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнүн максаттуу багытталышынын негизи катары, толугу менен окуунун ички мотивинин системасынын калыптануусуна жоол бербей калды.

Ошондуктан окуучулар салттуу окутууда, көндүм менен билгичтиктерди «даяр» деп аталган гана түрүндө кабыл алышып келишкен. Ошого байланыштуу, музыкалык эрежелерди, ыкмаларды жана түшүнүктөрдү, теориялык жана практикалык ой жүгүртүү менен эмес, догматикалык жаттоо, окуучуга тийиштүү болгон үлүштү көчүрүү менен байланышканы белгилүү десек ынанымдуу болот.

Проблемалык окутуунун методдорун колдонуу деген – бул салттуу «түшүндүрүү-көргөзмөлүүлүк» методдорун четке кагуу дегендик эмес. Тескерисинче, анын дал келүү «ченемин» аныктоо, конкреттүү шартка көз каранды болот. Мисалы: окуучунун музыкалык кругозорунун деңгээли, анын музыкалык теориялык жана аткаруучулук даярдыгы, үйрөтүлүп жаткан чыгарманын мүнөзүн билүүгө болгон даярдыгы ж.б. Салттуу сабактар сыяктуу эле проблемалык сабактар да окуу планынын талаптарына толугу менен дал келүүсү жана жоол берүүсү абзел. Анын өзгөчөлүктөрү, окутуунун негизги курсунун бардык бөлүктөрүндө, ирээттүү жана системалуу болгондугунда.

Проблемалык окутууда окуучулардын бардык маселелери, мисалы жаңы алып жаткан билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди чыгармачылыктын активдүү изденүү жолу менен мугалимдин жетекчилиги астында чечилет.

Төмөндө, биз конкреттүү музыкалык чыгармалардын мисалында проблемалык окутууну карап көрөлү:

Кыргыз элинин белгилүү композитору М.А. Бегалиевдин «Ак илбирстин тукуму» көркөм кино тасмасына (режиссеру Т. Океев) жазылган «Кожо жаш» симфониялык сюитасынын мисалында проблемалык окутуу. Бул жерде сюитанын бардык бөлүктөрү менен окуучуларды кыскача тааныштырып, окутууну улантсак болот. Сабак берип жатканда, алгач музыкалык образдын ички мыйзам ченемдүүлүгүн калыбына келтирүү зарыл. Алар кайсылар? Алар: угулуп жаткан музыканын добушунун мүнөзү, темптик-ыргактык уюштурулуусу, артикуляциясы, тембри, музыкадагы обондун «орнаменти» ж.б. Музыкалык чыгармачылыкты интерпретациялоонун туура жолун бат эле табуу үчүн, окуучуга негизги обонду интерпретациялонун жалпы багытына маани берүү жагынан методикалык жардам берүү керек. Мисалы: Жогорку классикалык ачык музыканын көрүнүктүү өкүлү таланттуу кыргыз композитору М.А. Бегалиев болгон… (кененирээк композитордун музыкалык стили жөнүндө мугалим айтып берүүсү талапка жоопберет).

Окуучу, композитордун музыкасындагы добуштардын «боёкторуна» тарбияланбай туруп, добуштардагы мүнөздүүлүктү, тембрди туура таппай туруп, «бегалиевдик» стилдин маани-маңызына кирүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, сабакта белгиленген ченемде маалыматтык-изденүүчүлүк милдеттер коюлуп жана анын чечилиши зарыл. Ал милдеттер, композитор М.А. Бегалиевдин чыгармасындагы негизги идеяларды издөө катары түзүлүшү керек. Тематикалык издөөнүн максаты, «бегалиевдик» чыгармалардагы добуш боёктордун палитрасы жөнүндө бүтүн элестөөлөрдү түзүү болуп эсептелет. «Бегалиевдик» музыкадагы өзгөчөлөнгөн добуштардын угулушун кантип издөө керек? Биринчиден: музыкалык чыгарманын текстинин өзүн талдоодо, ага адбан көңүл буруу менен кайрылуу керек. «Бегалиевдик» стилге мүнөздүү болгон чектерди окуучулар өздөрү табуусу зарыл. Мисалы: чыгармадагы теманын (обон) линиясын, фактуранын ачыктыгын, фразалык линиянын ачык бөлүктөрүн, үндөрдүн функционалдык дифференциацияларын, аткаруучудан ачыктыгы менен айырмаланган добуштарды ар түрдүү мүнөздө берүүдө, динамиканын ийкемдүүлүгү сыяктууу стилге тиешелүү болгон мүнөздөмөлөрдү айтсак болот. Сабактагы түзүлгөн проблемалык кырдаал, окуучулар тарабынан мурун аткарылган чыгармаларды кеңейтилген физикалык принципте жана салыштырмалуу анализдөө менен башка чыгармачылык багытта жүргүзүүнү талап кылат.

Проблемалык окутууну жүргүзүүдө, музыкалык материалдарды комплектөөдө техникалык каражаттарды окуу процессине коолдонуу максаттуу болот. Уктуруу үчүн тандалып алынган музыкалык материалдар техникалык жактан эң жогорку сапатта болуусу абдан зарыл. Мисалы: - комуз күүлөрү боюнча күүчү-композитор, атка-

руучулар: Т. Сатылгановдун, Ы. Тумановдун, А. Кыдырназаровдун, К. Орозовдун, С. Токтакунованын, Б. Мадазимовдун, Н. Абдыракмановдун; - фортепиано боюнча: С. Петров, В. Гизекинг, А. Гольденвейзер, Э. Гилельс. М. Юдина, В. Клиберн сыяктуу дүйнөгө атагы чыккан аткаруучулардын, аткарган чыгармалардын санариптик жана видио тасмаларын колдонуу, окуучулар үчүн бир канча кызыгууну жаратат.

Тарбиялоонун жана таанып билүүнүн функцияларын, чыгармачылык жана теориялык ойлоо ишмердүүлүгүнүн жолу аркылуу активдештирүү, проблемалык окутууга мүнөздүү болгон өзгөчө белги десек болот. Ошол эле убакта, ал өзү максаттардын максаты болбоосу керек. Ал, окуучулардын музыкалык-аткаруучулук кругозорун калыптандыруучу каражат катары кызмат кылуусу абзел.

Педагогика илиминде, педагогикалык процесси изилдөөчүлөрдүн дагы бир кызыктуу проблемаларынан болуп, окутуунун карама-каршылык проблемасын изилдөө актуалдуу болууда. Эгерде, мугалимдин иш аракетин бир бүтүмдүүлүктө карай турган болсок, анда ага ар тараптан туруштук берүүчү же карама-каршы туруучу сырткы жана ички күчтөрдүн жыйындысын түзүп жаткан шартта, окуучунун жооп катарындагы реакциясы менен айлана чөйрөгө тийгизген таасири астында, баланын өнүгүүсү жүрүп жатканын байкасак болот.

Бул эки күчтүн кагылышуусу, окутуунун ар кандай формаларында жана баскычтарында пайда болгон, ар түрдүү карама-каршылыктарды түзөт. Бирок, алар тескери көрүнүштөрдөн болбойт. Карама-каршылык - бул диалектикалык процесске ичинен таандык болгон сапат десек болот.

Анын негизги ролу, адам баласына таандык болгон, өзүнүн жумушунун жыйынтыгын көрүүгө жана чыгармачылыгындагы кыйынчылыктарды жеңүүгө аракет жасаганы менен аныкталат. Бул аракеттерди, баланын психикасынын мыйзамдары деп бекемдесек болот. Ал, окуучунун алдыга койгон максаттары менен көнүгүүлөрдүн рационалдык формаларын, кыйынчылыктар менен күрөшүүнүн, машыгууга болгон чыдамкайлык менен тырышчаактыкты, чыгармачылыкка болгон стимулун ойготот жана аларды чечүүгө болгон издөнүү жөндөмдүүлүктөрүн активдештирүүнү жаратат. Адам баласы, айрыкча окуучу бир нерсени билгенден кийин «бул мындай» же «мындай болуш керек» деген түшүнүктөрдү алышат. Мындай форма, көпчүлүк окуучулар үчүн «андай эмес мындай, башкача» дегенди билдирет. Ошентип, окуучунун кандайдыр бир нерсени таанып билүүсүнүн негизинде, анын оюу аныкталган багытка багыт алат. Ошону менен окуучуда, алдын ала белгиленген чөйрөнүн чечилишинин жалпы сүрөттөлүшү чектелет.

Жалпы билим берүүчү мекемелерде, көптөгөн предметтердин окуу планынын методикалык иштелмелери так, даана коюлган максатка басым жасап келишет. Алар: окучулардын колуна аткарылуучу тапшырманын методдорун берүү, тапшырмаларды чечүүнү үйрөтүү, окуучуларга музыка уктуруу аркылуу дил баян жаздыруу ж.б.

Мындай «методичкалар», жумушту ойлоону стимулдаштырган суроолордун тизмегин, ой корутундусун туудурат жана иш аракеттердин жолун аныктоого жардам берет. Психологдор, окуучунун акыл ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн бир канча ийгиликтүү жолдорун ачып көрсөтүүдө жана абдан жемиштүү болгон багыттарын табууга жардам берүүдө.

Акыл эмгегине тийиштүү болгон дисциплиналардын жардамы менен, жана аны уюштуруунун аркасында окуучуда ойлом ишмердүүлүгү активдеше баштайт. Практикалык жактан ушул сыяктуу методикалардын регламенти, окуучуларды ойлонууга мажбурлайт. Ошону менен эле бирге, ойлом ишмердүүлүгү уюшкандыкта эки жактуу мүнөздүүлүгүн белгилеп коюуу зарыл. Алган билимдер коюлган максаттарды чечүүгө гана жардам бербестен, ойлом ишмердүүлүгүн уюштуруу менен аларды схемалаштырат. Ал эми схемалар «мындай жаса!», «бул, мына мындай», «ушундай гана болот» деп көрсөтүп турат. Ошентип, мектеп окуучулары ойлом ишмердүүлүгүнүн бир канча ыңгайлуу стереотибин алышат.

Музыкага окутуу, тагыраак айтканда музыкалык аспаптарда аткаруучулукка окутууда, окуучу бир гана практикалык жана чыгармачылык билим алууга жетишпестен, инсандын сапат жагынан, жана чыгармачылык жагынан да жөндөмдүүлүгү ар тараптуу өнүгөт. Мисалы, окуучуларга музыкалык чыгарманы үйрөтүүнүн техникалык жагын гана сунуштап, сабак берүүнүн чөйрөсүн шарттуу түрдө чектеп койсок болот.

Актуалдуу аракеттин башкы механизминен көз каранды болгон, көрсөтүлгөн эки чөйрөдө, окутуунун ар кандай деңгээлинде карама-каршылыктардын көрүнгөнү байкалат. Алар төмөнкүлөр:

- Кыймыл-аракет көндүмдөрүнүн деңгээлинде (мисалы: комузда кол ойнотуу техникасын, анын ыкмаларын үйрөнүүдө) байкалат;
- Окуучу ички дүйнөсү жагынан эркиндикке ээ болуусу аныкталганда, угуу (баланын угуу жөндөмдүүлүгү, слуху) менен интонациялык чөйрөнүн аракетинин деңгээлинде (бул деңгээл активдүү музыкалык ойлом ишмердүүлүгүндө жүрөт) байкалат;

- Чыгармачылык мунөздөгү процессте, көркөм ишмердүүлүккө жооп берген деңгээлде байкалат.

Окуучу музыкалык материалга ээ болуу процессинде башкы ролду репродукциялоо ишмердүүлүк ээлейт. Мисалы: уккан музыканы толугу менен же бөлүктөр боюнча кайтолоо, тууроо же өзүндөй кылып так көчүрүү. Бирок, сөзсүз түрдө активдүү аракеттин астында болуусу абзел. Алгач практикалык ишмердүүлүк, андан кийин практикага теорияны кошумчалоо жана түшүндүрүү, сабактын мындай формасы, окуучунун чеберчилигинин орнолушуна, ойлоо ишмердүүлүгүнүн калыптанышына жана окуучунун ар тараптан өнүгүүсүнө негиз болуп берет. Тагыраак айтканда, инсанды окутуу эле эмес, билимдерди топтоо «механизми» жүрөт. Билим берүүдөгү карама-каршылыктар өзүнөн-өзү келип чыкпайт, ал окутуу процессинде, тигил же бул предметти өздөштүрүп жатканда гана келип чыгат. Ошондуктан, конкреттүү предметтин логикасына жооп берген, мисалы, музыкалык аспаптарда ойноодо жана кандайдыр бир конкреттүү ситуацияда гана музыкага окутуунун карама-каршылыктарын изилдөө мүмкүн.

**Адабияттар:**

1. Махмутов М.И. «Организация проблемного обучения» –М., «Просвещение», 1977г., с.14
2. Махмутов М.И. «Проблемное обучение» –М., «Просвещение», 1975г., с.20